КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 23-июлу №31 Салам-Алик айылы

Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Карчабек айылындагы мектепке бөлүнгөн жер тилкесинин аталышын спорт комплекси деп өзгөртүү жөнүндө

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кызыл-Тоо айыл өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-мартындагы №9 токтомунун негизинде Карчабек айылындагы мектепке деп ажыратылган 0,20га жер тилкеси спорт комплекси деп өзгөртүү жөнүндө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдыкадыровтун маалыматын угуп, Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1. Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Карчабек айылындагы мектепке бөлүнгөн жер тилкесинин аталышын спорт комплекси деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Карчабек айылындагы мектепке бөлүнгөн 0,20га жер тилкесинин аталышын спорт комплекси деп өзгөртүү боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча башкы адиси милдетин убактылуу аткаруучу Ж. Нуралиевке милдеттендирилсин.

3. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш жана энергетика тармактары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**